**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

Максютова Зухра Алымжановнанын өкүлү

Асанов Нуралы Аламановичтин

кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

15-январь 2016-жыл Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы төмөнкү курамында: А.О. Нарынбекова, Ч.А. Айдарбекова, Ч.О. Осмонова, катчы С.А.Джолгокпаеванын катышуусу менен, Максютова Зухра Алымжановнанын өкүлү Асанов Нуралы Аламановичтин кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы :**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2015-жылдын 7-декабрында З.А. Максютованын өкүлү Н.А. Асановдун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 1-ноябрындагы № 594 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кызматкерлерин камсыздандыруунун тартиби, шарттары жана кызматтык милдеттерин аткарууда майып же курман болгон учурларында берилүүчү камсыздандыруу төлөмдөрүнүн өлчөмдөрү жөнүндө Жобонун 11-пункту Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20, 53 жана 56 - беренелерине карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арызданууучулардын кайрылуусунда жана ага тиркелген соттордун чечимдеринде, жаран З.А. Максютованын күйөөсү - Балыкчы шаардык ички иштер бөлүмүнүн кызматкери, милициянын прапорщиги Б.Б. Абдраев, 2014-жылдын 9-февралында өзүнүн кызматтык милдетин аткаруу учурунда, издөөдө жүргөн, куралдуу кылмышкерлерди кармоого аракет кылган учурда, кылмышкерлер тарабынан ок атуучу курал аркылуу атып өлтүрүлгөндүгү, бул

окуя боюнча Балыкчы шаардык ички иштер бөлүмү тарабынан кылмыш иши козголуп, тергөө амалдары жүргүзүлгөндүгү, бирок айыпкер катарында жоопко тартылуучу кылмышкерлер атайын операция учурунда каза болгондуктан кылмыш иши өндүрүштөн кыскартылгандыгы, Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлиги тарабынан кызматтык иликтөө иштери жүргүзүлүп, жолдошу Б.Б. Абдраев кызмат учурунда курман болгон деген корутунду чыгарылганы, анын жолдошу З.А. Максютовага 882 127 сом өлчөмүндө камсыздоо төлөмү берилгендиги - аныкталган. Бирок, З.А. Максютова 2014-жылдын 14-январындагы № 29 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен ички иштер бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин айлык акысы көтөрүлгөндүгүн, ал эми жогорудагы_камсыздоо төлөмү эски айлык акынын өлчөмүндө төлөнгөндүгүн мыйзамсыз деп билдирип, 1 884 000 сом камсыздандыруу төлөмдөрүн жана 1 000 000 сом моралдык чыгымдарды өндүрүүнү сурап,_Балыкчы шаардык сотуна кайрылган.

Сот отурумунда, Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин өкүлү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 1-ноябрындагы № 594 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кызматкерлерин камсыздандыруунун тартиби, шарттары жана кызматтык милдеттерин аткарууда майып же курман болгон учурларында берилүүчү камсыздандыруу төлөмдөрүнүн өлчөмдөрү жөнүндө Жобонун негизинде, кызмат учурунда курман болгон Б.Б. Абдраевдин үй-бүлөсүнө 882 127 сом камсыздандыруу төлөмү айлык акысынын өлчөмүндө төлөнүп берилгенин, аталган Жобонун 11-пунктуна ылайык, төлөмдөр зыян алган же курман болгон күнгө карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген айлык акысынын өлчөмүндө төлөнүп жүргүзүлөөрүн, бул төлөмдөр убагында берилгенин, ал эми «Ички иштер органдарынын кызматкерлеринин айлык акысы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 29 токтому 2014-жылдын 14-январында кабыл алынгандыгын, ал токтомдун 5 пунктуна ылайык, жаңы эмгек маянасы 2014-жылдын 1-мартынан баштап күчүнө кирери аныкталгандыгын билдирген.

2015-жылдын 22-январындагы Балыкчы шаардык сотунун чечими менен, жаран З.А. Максютованын доо арызы жарым жартылай канааттандырылган. З.А. Максютованын пайдасына Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинен 200 000 сом моралдык зыян өндүрүлгөн. Доо арыздын калган бөлүгү канааттандыруусуз калтырылган.

Ал эми, 2015-жылдын 27-июлунда Ысык-Көл облустук соту апелляциялык тартипте ишти карап, жогоруда аталган Балыкчы шаардык сотунун чечиминин З.А. Максютованын пайдасына Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинен 200 000 сом моралдык зыян өндүрүү тууралуу

бөлүгүн алып салган. Доогер З.А. Максютованын жоопкер Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинен 1 000 000 сом өлчөмүндөгү моралдык зыян өндүрүү жөнүндөгү талабы канааттандырылуусуз калтырылган.

Ошондон улам, арызданууучулар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 1-ноябрындагы № 594 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кызматкерлерин камсыздандыруунун тартиби, шарттары жана кызматтык милдеттерин аткарууда майып же курман болгон учурларында берилүүчү камсыздандыруу төлөмдөрүнүн өлчөмдөрү жөнүндө Жобонун 11-пунктунун «пособие кызмат орду боюнча маянадан жана майып болгон же өлгөн (курман болгон) күнгө карата наамы боюнча маянадан эсептелет» – деген ченемдик жобосу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20, 53 жана 56 – беренелерине карама-каршы келет деп таануу жөнүндө кайрылышкан.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы, З.А. Максютованын өкүлү Н.А. Асановдун өтүнүчүн жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья А.О. Нарынбекованын маалыматын угуп, төмөнкү жыйынтыкка келди.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин талаптарына ылайык, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу маселесин чечүүдө, баарынан мурда, кайрылууунун мазмуну жана таризи мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүн аныктайт. Тактап айтканда, аталган конституциялык мыйзамдын 25-беренеси кайрылууга коюлуучу жалпы талаптарды бекитип, бул берененин 8-, 9-пункттарына ылайык кайрылууда конкреттүү, конституциялык мыйзамда көрсөтүлгөн кайрылууну кароо негиздери; кайрылуучунун коюлган маселе боюнча көз карашы жана аны Конституциянын ченемдерине шилтеме менен укуктук негиздемеси көрсөтүлүүгө тийиш. Бул, конституциялуулугун талашып жаткан ченем тууралуу кайрылуучунун күмөн саноосу объективдүү негиздемелер менен чыңдалышы жана так айкындалышы керек экендигин билдирет.

Арызданууучулар өз кайрылуусунда, конституциялуулугун талашып жаткан ченем тууралуу так укуктук далилдерди келтирген эмес, кайрылууда күмөн туудурган ченемдин маңызы конкреттүү түрдө көрсөтүлгөн эмес.

Мындай жагдайларда, судьялар коллегиясы кайрылуучулардын көз карашы укуктук негизделбеген деп эсептейт жана ушул жагдайдын негизинде талашып жаткан ченемдик жободо күмөндүүлүктүн пайда болуусу табылбайт.

Ал эми, күмөндүүлүктүн пайда болуусу жогоруда аталган конституциялык мыйзамдын 24-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасында каралуучу иштин себептери болуп эсептелет.

Жогорулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 24-беренесинин экинчи абзацын, 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 8-, 9-пункттарын, 28-беренесинин 2- жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы :**

1. Максютова Зухра Алымжановнанын өкүлү Асанов Нуралы Аламановичтин кайрылуусу өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.
2. Кайрылуу жана ага тиркелген материалдар кайтарылып берилсин.
3. Аныктамага карата Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттанууга мүмкүн.

Судьялар коллегиясы:

А.О. Нарынбекова

Ч.А. Айдарбекова

Ч.О. Осмонова

№ 03-о